# Борбор Азияда жарансыздыкты жоюу жөнүндө Ашхабад декларациясы

*2024-жылдын 8-ноябрында кабыл алынган*

Биз, Борбор Азия мамлекеттеринин – Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Түркмөнстандын жана Өзбекстан Республикасынын делегацияларынын башчылары, 2024-жылдын 8-ноябрындагы жарандысыздык маселелери боюнча Борбор азиялык министрлик конференцияда, БУУнун Качкындардын иши боюнча Жогорку комиссары Ф. Грандинин жарансыздыктын бардык белгилүү учурларын чечүүдөгү Түркмөнстандын жана Кыргыз Республикасынын тарыхый жетишкендиктерин белгилөө жана #IBelong кампаниясынын максаттарын илгерилетүүдөгү аймактын салымын баса көрсөтүү менен 2024-жылдын октябрындагы сүйлөгөн сөзүнө шилтеме кылып, биз глобалдык жарансыздыкты жоюунун милдетине жалпы жактоочулугубузду ырастайбыз.

## Жетишкендиктерди таануу

### 1. Жарансыздыкты жоюудагы аймактык лидерлик

Борбор Азия 2014-жылдан бери аймакта жарансыздыктын 200 000дөн ашык учурларын жамааттык түрдө чечип, #IBelong глобалдык кампаниясынын алкагында жакшы жыйынтыктарды көрсөттү. Дүйнөлүк масштабда чечилген жарансыздыктын ар бир үчүнчү учуру алардын үлүшүнө туура келген аймактын өлкөлөрүнүн жыйынтыктары башка аймактар үчүн үлгү боло алат:

а) **Казакстан Республикасы** жарансыздыкты аныктоонун атайын улуттук жол-жобосун белгилеп, 1954-жылдагы апатриддердин статусу жөнүндө Конвенциянын эң маанилүү

принциптеринин бирин ишке ашырды жана эки улуттук кампанияны өткөрдү, жыйынтыгында 30,000 адам жарандыгы жок адам катары документтештирилген, алардын ичинен 15,000 адам Казакстан Республикасынын жарандыгын алган. 2019-жылы Качкындар боюнча глобалдык форумдун жүрүшүндө Казакстан энесинин өздүк күбөлүгү жок балдарга туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү берүү боюнча ыктыярдуу милдеттенмени өзүнө алган жана аткарган.

b) **Кыргыз Республикасы** туулгандыгын универсалдуу каттоону жана өз мыйзамдарын эл аралык стандарттарга ылайык келтирүүнү камсыз кылып, жарансыздыктын бардык белгилүү учурларын чечкен дүйнөдөгү биринчи өлкө болуп калды.

c) **Тажикстан Республикасы** маанилүү укуктук реформаларды жүргүздү, анын ичинде жарандыгы жок адамдарга өз статусун мыйзамдаштыруу жана узак мөөнөттүү жарансыздыктан алыс болуу мүмкүнчүлүгүн берген мунапыс жөнүндө убактылуу мыйзамды киргизди.

d) **Түркмөнстан** жарандысыздык жөнүндө БУУнун эки Конвенциясына шартсыз кошулуу боюнча Борбор Азия аймагындагы биринчи өлкө болуу менен, жарандыгы жок адамдардын статусун аныктоонун жаңы жол-жобосун белгилеп жана төрөлүүлөрдү, анын ичинде документтери жок адамдарда 100% каттоону камсыз кылып, жарансыздыктын бардык белгилүү учурларын толук жойду, 32 000ден ашык жарандыгы жок адамга жарандыкты берип жана Глобалдык Альянска кошулуп, жарансыздыкты жоюу боюнча аймактык жана глобалдык шарттарда лидер болду.

e) **Өзбекстан Республикасы** масштабдуу реформаларды жүргүздү, анын ичинде 2020-жылы мыйзамга оңдоолорду киргизип, анын натыйжасында 80 000ден ашык жарандыгы жок адам жарандыкты алууга ыйгарым укуктуу болуп калды, муну менен жарансыздыктын деңгээли кыйла төмөндөдү.

Бул жетишкендиктердин баары жарансыздык көйгөйлөрүнүн алдын алууну, кыскартууну жана акыркы чечүүнү камсыз

кылган, трансформацияланган укуктук алкактардын жана иш-аракеттердин аркасында жарансыздыкты жоюу боюнча глобалдык кыймылда Борбор Азияны лидер катары белгилейт.

**2. Жарансыздыкты жоюу боюнча Глобалдык альянска жактоочулук**

#IBelong кампаниясы аяктаганда биз жарансыздыкты жоюу боюнча Глобалдык альянска кошулуу мүмкүнчүлүгүн карайбыз. Борбор Азия бул глобалдык платформада жеткиликтүү болгон ресурстарды жана мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууну улантып, башка аймактар менен өз тажрыйбасын бөлүшүүгө даяр.

**Борбор Азия үчүн стратегиялык көз караш**

Жетишилген прогрессти колдоо жана бекемдөө үчүн өзүнүн аракеттерин төмөнкү багыттарга буруу максатка ылайыктуу болот:

**1. Жарансыздыкты аныктоо жол-жоболорун өркүндөтүү**

Биз мындан ары да аймакта жарансыздыкты аныктоо жол-жоболорун жакшыртууну жана унификациялоону көздөйбүз. Бул жакшыртуулар эл аралык стандарттарга шайкештикти камсыз кылууга жана калктын аялуу топторуна өзгөчө көңүл буруу менен, бардыгы үчүн жарандыкка жетүү мүмкүндүгүн жөнөкөйлөтүүгө багытталган.

**2. Чет өлкөдө жарандыгын ырастоо процессин тездетүү**

Борбор Азия өлкөлөрүнө биз өлкөлөр ортосунда жарандыкты ырастоо процесстерин тездетүү үчүн бирге иштөөнү сунуштайбыз. Айрым адамдардын топтору үчүн жарандык статусту ырастоого байланыштуу учурдагы кыйынчылыктарды таануу менен, маселелерди чечүүгө тоскоол болгон административдик кечиктирүүлөрдү

кыскартуу үчүн ыкчам ырастоо протоколдорун түзүүнү кароо маанилүү.

**3. Жарансыздыктын калган учурларын кыскартуу**

Биз Борбор Азиянын ар бир өлкөсүндө жарансыздыктын калган учурларын чечүү жана кыскартуу боюнча туруктуу аракеттерге умтулабыз. Улуттук жана аймактык иш-аракеттер пландарын бул артыкчылыктарга ылайык жаңыртууну жана жарансыздыкты кыскартуу үчүн так, жетүүгө мүмкүн болгон максаттарды коюуну сунуштайбыз.

**4. Аймактык кызматташтыкты жана мыкты тажрыйбаны алмашууну илгерилетүү**

Биздин жетишкендиктерибизди эске алуу менен, биз туруктуу аймактык жолугушууларды өткөрүүнү, кызматташтыкты күчөтүүнү жана мыкты тажрыйбаларды бөлүшүүнү сунуштайбыз. Мындай туруктуу иш-чаралар жамааттык дареметти жогорулатууну, инновациялык ыкмаларды киргизүүнү жана жарансыздык маселелерин чечүү боюнча улуттук жана аймактык пландарды бекемдөөнү колдоого алат.

**5. Маалыматтарды топтоону жана ачык-айкындуулукту бекемдөө**

Биз жарансыздык жөнүндө маалыматтарды чогултууну, талдоону жана жайылтууну жакшыртуу зарылчылыгын баса белгилейбиз. Жеткиликтүү, ар тараптуу маалыматтар саясатчыларга натыйжалуу чечимдерди иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет жана Борбор Азияда жарансыздык маселелерин чечүүдө ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту жогорулатат.

**6. Улуттук мыйзамдарды эл аралык стандарттар жана конвенциялар менен шайкеш келтирүү**

Биз жарансыздык жөнүндө БУУ Конвенцияларына кошулуу жана 1954 жана 1961-жылдардагы Жарансыздык жөнүндө

конвенцияларга үндөш улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча иштин маанилүүлүгүн ырастайбыз. Мындай жол менен, биз келечектеги жарансыздык учурларынын алдын алууга жана адамдын универсалдуу укуктарына жактоочулугубузду бекемдөөгө умтулабыз.

**7. Бардык балдар үчүн туулгандыгын каттоону жана укуктук статусун колдоо**

Биз Борбор Азияда туулган ар бир баланы өз убагында каттоону камсыз кылган саясатты колдойбуз. Универсалдуу каттоого жетишүү максатында туулгандыгын каттоо үчүн юридикалык, административдик жана социалдык тоскоолдуктарды жоюунун үстүнөн иштөө маанилүү.

**8. Жарандыгы жок адамдарды улуттук системаларга интеграциялоо**

Биз жарандыгы жок адамдардын негизги укуктарга жана кызматтарга жетүү мүмкүндүгүн, анын ичинде саламаттык сактоого, билим берүүгө жана социалдык кызматтарга жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылган саясатты кабыл алууга чакырабыз. Саламаттык сактоого, билим берүүгө жана социалдык кызматтарга инклюзивдик жана тең укуктуу жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылып, жарандыгы жок адамдарды улуттук системаларга интеграциялоо зарыл.

**Туруктуу өнүгүү жана жарансыздыкты жоюу максаттарын жактоочулук**

Жарансыздыкты жоюу Туруктуу өнүгүү максаттарына, өзгөчө тынч, адилеттүү жана инклюзивдүү коомдор боюнча ТӨМ 16 жана теңсиздикти кыскартуу боюнча ТӨМ 10 максаттарына жетүү үчүн олуттуу мааниге ээ. Биз 2030-жылга чейинки мезгилге Күн тартибинин алкагында жарансыздык маселелерин чечүү боюнча аракетибизди бириктирип, «эч кимди четте калтырбоо» жаатындагы чечкиндүүлүгүбүздү ырастайбыз.

**Келечекке болгон көз караш**

Өлкөлөрдүн делегациялары Борбор Азияда жарансыздыкты жоюу боюнча биргелешкен жана жеке иш-аракеттерди улантуу, Жарансыздыкты жоюу боюнча глобалдык альянска кошулуу мүмкүнчүлүгүн кароо жана биздин аймактагы ар бир адам жарандык берген коопсуздукту жана кадыр-баркты колдоно алган келечекти курууга көмөктөшүү ниетин билдиришти.